**БАЙСАБАЕВ Б.**
lib.knu@mail.ru

# АДАБИЙ СЫН ЖАЗУУЧУНУН ТАГДЫРЫНДА (АЙТМАТОВДУН СЫНГА МАМИЛЕСИ).

Адабият илими менен адабий сын өнөктөш, бир тууган сымалдуу. Албетте, алардын арасында кээ бир айырмачылыктар бар, бирок, негизинде экөө бир агымга барып куят. Атактуу адабиятчы А.С.Бушминдин төмөнкү пикири өтө аргументтүү айтылгандыгын моюнга алганыбыз жөндүү: «В моем предстовлении, - дейт ал,-литературная критика своими существенными чертами сливается с понятием литературоведения. И все, что говорилось о литературоведении, относилось также и к литературной критике… по более справедливым понятиям нашего времени, литературная критика в принципе совпадает с литературоведением в широком смысле слова, с его основными слагаемыми-историей литературы и теорией литературы, -точнее сказать, является тем же литературоведением, но обращенным к современному литературному движению» [1].

В.Г.Белинский – орус адабиятынын тарыхында өзгөчө орунду ээлеген улуу адабият сынчысы. Ал – XIX кылымдын биринчи жарымындагы орус классик жазуучулары, айрыкча, А.С.Пушкин, Лермонтов менен Н.В.Гоголдун адабий тагдырында маанилүү роль ойногон инсан. Аталган үч классик алардын чыгармачылыгынын маанисин ачып берген таланттуу сынчы чыкса экен деп эңсеп жүргүшкөндө адабий аренада Белинскийдин аты пайда болуп, анын алгачкы макалаларын окуган Пушкин жаш таланттын келечеги кеs экендигине ишеним билдирген.

Белинский ар бир элдин адабияты жана анын сыны ошол коомдун продукты экендигин белгилеп, сынды А.Никитенконукундай аналитикалык, философиялык деп ажырымдатпай, экөөнү бир эле түр менен аналитика-философиялык деп карап, айкалыштыруу зарылдыгын айткан.

Сын гректин «судить» деген сөзүнөн алынган. Мында Белинский кээ бирөөлөр ойлогондой, сын жалаң эле бирүүлүрдө «талкалоо», «кыйратуу» эмес, чыгарманы жай эле анализдөө, талдоо экендигин атайын эскертип түшүндүрөт. Мында ал сындын коомдук ролуна өзгөчө көңүл буруп, аны «акыл дүйнйсүнүн өзүн-өзү тейлеген ханшасы» дейт: «Не искусство создало критику и не критика создало искусство: и то и другое вышло из одного общего духа времени. И то и другое сознание эпохи. Но критика есть сознание философское, а искусство-сознание непосредственное. Содержание и того и другого одно и то же: разница только в форме… В критике нашего времени более, чем в чем-нибудь другом, выразился дух времени? – суждение, анализ общества: следовательно… удивляться ли после этого, что критике есть самовластная царица современного умственного мира» [2].

Белинскийдин адабий сынга берген баасы методологиялык жактан так, таасын. Ошон үчүн анын пикири кийинки муундар тарабынан түшүнүү менен кабыл алынып, ошол багытты уланткан көп маанилүү пикирлер айтылып келүүдө.

Социалисттик доордун залкар жазуучуларынын бири Ч.Айтматовдун сынга мамилеси позитивдүү. «Существование критики – совершенно необходимое условие, существования художественной литературы, её движения» [3]. Эгерде, - дейт ал, - «Кыямат» романына эч кандай сын макала жазылбаса, анда мен өзүмдү абдан ыңгайсыз абалда сезер элем. Мейли сындасын, мейли мактасын, баары бир сындын болгону жакшы».?

Өзүнүн макалаларынын биринде ал сын чарбасында орун алган кашкайган кемчиликтерди кейиш менен белгилейт. Жаsы чыккан кандайдыр бир чыгарма тууралуу талаш-тартыштуу пикир пайда болуп калса, сынчылардын ага аралашпай четтен туруп алган фактылары бар. Андан да жаманы-айрым учурларда начар чыгарманы «мыкты» деп мактап, тескерисинче, нагыз көркөмдөрүн көрмөксөнгө салганы жанды кейитет.

Андан ары Ч.Айтматов өзүнүн чыгармаларына туура эмес мамиле жасаган мисалдардын айрымдарына токтолуп өтөт. Алсак, «Ак кеме» («Жомоктон кийин») аттуу повести жарык көргөн кезде кээ бир коллегалары аны туура эмес сындап чыгышкан. Маселен, казак жазуучусу А.Алимжанов «Литературная газетасына» (1970,8-июль) «Трагедия на

лесном кордоне» деген макаласын жарыялап, анда Момун өзүнүн ыйык жомогун («Бугу-эне») өзү атып, муну менен ал «бийликке» сокур баш ийип, «каршы чыкпоо» («непротивление злу») философиясында айтылгандай, өтө чөгүп, пассивдүү абалга түшүп калганын жактырбайт.

Сындагы дагы бир чоң доомат Баланын образына байланыштуу коюлат: «Показывая гибель мальчика в «Белом пароходе», - дейт автор, - я отнюдь не возвышаю зло над добром, а преследую цель жизне-утверждающую, - через неприятие зла в его самой непримиримой форме, через смерть героя… Да, мальчик погибает, но духовное, нравственное превосходство остается за ним. И на том я стою как автор повести» [4].

Ал эми Момундун финалда Орозкулдан жеңилип, арак ичип, очок сүзүп жатып калышындагы маани-мазмунду Ч.Айтматов мындайча түшүндүрөт. «Ооба, ал ошондой абалда калды, бирок, муну менен окурман аны эмес, байкушту оор абалга дуушарланткан бийликти (Орозкулду) жектөө сезимин пайда кылат: «Бывают случаи, когда решающее значение для искусство имеет не то, чем формально заканчивется повествование-каким событием, чьей победой, чьим поражением. Фактическая победа - в конечном идейно-эстетическом результате… важно, чтобы читатель был преисполнен решимости сразится за эту победу, которую в силу разного рода причин литературным героям, быть может, и не удалось утвердить физически»?

Ушуга байланыштуу Айтматовдун төмөнкү сөздөрү эске түшөт: «Критика часть литературы, а стало быть, тоже моя жизнь? Несправедливая оценка труда моего коллеги (А.Алимжановду эске алып жатат) - разве мне это безразлично, разве не касается она и меня?» [5].

Ошентип, Ч.Айтматов өзү айткандай, коллегалары анын чыгармачылык позициясын туура эмес кабылдап алган учурда ал өзү да сөзгө аралашып, ой пикирин туюнтууга аргасыз болгон фактылар аз эмес. Мисалы, «Деңиз жээгин жорткон Ала дөбөт» повести жарык көргөн кезде коллегаларынын ичинен ал Хемунгуэйдин «Чал менен деңиз» повестин туурап жаткандай ойдо жүргөндөрү чыккан кезде жазуучу бул жолу да өз позициясын тактап көрсөтүүгө аракеттенген: «Меня порой спрашивают, смущаясь, люблю ли я Хемунгуэя. Смущение же, я понимаю, оттого, что хотелось спросит, не подражаю ли я Хемунгуэя. То, что герой «Старика и моря» и герой «Пегого пса…» разговоривают с рыбой – в этом, что ли, подражение? Да, они – духовные братья» [6]. Туура жооп. Деңиздеги экстремалдык ситуацияны жазса эле «тууроо» болуп калабы? Автор айткандай, Сантьяго менен Орган «рухий туушкандар». Алар деңиз стихиясына туш келип, табияттын каардуу күчү менен кармашып, бирөө араң жүрүп кармаган деңиз жандыгын жырткычтарга (акулалар) тарттырып жиберип, куру кол үйүнө келсе, экинчиси Кирискти сактап калыш үчүн өзү жанын кыюуга аргасыз болот. Проблемасы окшош, бирок, ага ар бири өзүнчө мамиле кылып, оригиналдуу сюжет аркылуу чечип беришкен: «Я очень люблю «Пегого пса…» Может, это вообще любимая из написанных мною книг. До сих пор помню, с каким удовольствием, как легко она писалась. Наверное, поэтому и сопротивляюсь внутренне всяким сравнениям, будь это даже сам Хемунгуэй [7].

Ч.Айтматов көркөм адабияттагы фольклоризм маселесине кайрылып, сынчы Л.Аннинскийдин аргументтерине өзүнүн негиздүү ойлорун каршы коёт. Ал 60-70-жылдардын адабияттарында миф, легенда, жалпысынан алганда «чыгыш духундагы» орнаменталистикага кызыгуучулук күчөп, ошонун натыйжасында азыркы замандын темасынан четтеп кетүү орун алып жаткандыгын белгилеген. Ага жооп катары Ч.Айтматов миф, легендалардын эч кандай күнөөсү жок: «И то и другое в свое время выражали вполне реальное мировосприятие и представление людей о жизни, их стремление к справедливости и добру, идеи борьбы за правду» [8] деп келип, жыйынтыгын мындайча чыгарат: «Энергия мифа – это, можно сказать, то, что питает современную литературу огромной первозданной поэзией человеческого духа, мужества и надежды… Миф, включенный в реализм и сам ставший реальностью жизнеощущений человека,-свежий ветер, наполняющий паруса времени и литературы, устремляя их бесконечному горизонту познания истины и красоты» [9].

Демек, миф, легенда реализмге сиіип, аны менен кызматташса, ал Айтматов айткандай, «жазгы жумшак жел беттен сылагандай» чыгарманын идеясын байытып, каармандын мүнөзүн ачканга жардам берет. Жазуучунун «Ак кеме», «Кылым карытар бир күн» сыяктуу бир катар роман, повесттери анын айкын күбөсү болот алат.

Ч.Айтматовдун ар бир чыгармасы – «Жамийладан тартып», «Кассандра тамгасына» чейин жандуу откликтерди, рецензия менен катар адабий талдоо планындагы макалаларды пайда кылган [10]. Булардын ичинен биз экөөнө назар сала өтөлү.

Белгилүү адабиятчы Г.Гачев «В ускоренном движении литературы» аттуу макаласында [11]. «Жамийла» повестиндеги келин менен күйөөсү жөнүндө сөз кылып келип, Жамийланын Садыктын фронттон жазган каттарына наараазы болгону туура эмес деген пикирин айтат: «Тут не Садык виноват-напротив, виновата Джамиля, ибо она не понимает порядка, а хочет, чтобы в его нарушение письмо было обращено к ней и в нем бы говорилось, как ее муж скучает без нее. Мало того: «Джамиля противопоставляет общенародному горю свое мальенкое личное страдание». Бардыгы түшүнүктүү. Гачевдин оюнча, Жамиля ата салтын түшүнбөгөн өзүнчө бир «тентек» келин сыяктанып калды. Анын үстүнө ал жалпы элдик кызыкчылыктан өзүнүн «жарыбаган жеке кайгысын жогору коёт экен». Бул тууралуу кұп адабиятчылар жазышкан. Мен А.Садыковдун позициясын бөлүшкүм келет» [12]. Бул жерде келин күйөөсүнүн «стандарт» боюнча жазган катына тойбой жатат. Ал Садыктан сүйүү сөздөрүн күтүп отурган жок, бүткүл үй-бүлөгө арналган катта ал аны билдире алмак эмес (андай сезимден биздин каарман такыр куржалак эле), экинчиден, сынчынын пикиринче, Жамийла эмне үчүн ага жакпаган «эски тартипти» сыйлаш керек эле. Маселе анын жан-дүйнөсүнүн түпкүрүндө «керт баштын эркиндиги» жөнүндөгү ой уялап, бирок, сыртка көкүрөк тээп чыга албай жүргөн.

Сынчы А.Богданов «Правда материнская и правда народная» [13] аттуу макаласында Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестине карата бир нече адилетсиз дооматтарды коёт. Биринчиден, жазуучу анын ою боюнча, эненин чындыгы жалпы элдик чындыктын деңгээлине чейин көтөрүлүп чыкпаптыр. Толгонай өзүнүн гана жеке кайгы-муңуна, жоготууларына чөмүлүп, ошондой азап-тозоктун натыйжасын, б.а., оптимизмин көрбөй жатат: «Слившись до конца своей героиней Ч.Айтматов не поднялся – не над нею, но вместе с нею – от правды материнской к правде общенародной» [14].

А.Богдановдун экинчи чоң дооматы жазуучу Толгонайдын эмгектик каармандыгын сөз арасында гана бир аз айтканы болбосо (бирок анын кысыр калган аңызга эгин себүү аракетин мактайт) атайлап чоң планда сүрөттөгөн эмес. Ага кошумча повесттин финалында жашоо, өмүр мотивине караганда өлүм, кыйроо темасы Айтматовдо басымдуулук кылат. Совет элинин патриотизми да унутта калган сыяктуу дейт. Анын бул сын пикирлеринин негизсиз экендигин чыгармадагы ачык, таасын деталдар аркылуу далилдөөгө болот. Мисалы, трагизм күчтүү деген ойго жооп: Повесть жанры боюнча трагедияга таандык. Аягында Толгонайдын Алимандан никесиз төрөгөн наристесин асырап алышы-бул жашоо уланып жатат, өлгөндөрдүн ордун жаңы муундар толуктайт деген оптимизмдин жарыгы күйүп тургандыгынын далили.

Повестте Богдановдун сынына каршы коюла турган аргументтер көп, бирок, ал өзүнчө сөз кылуунун предмети.

**АДАБИЯТТАР**


1. Бушмин А.С. Методологические вопросы литературоведческих исследований.
- Л.: Изд. Наука, 1969. - 87-бет.
2. Белинский В.П. Собр.соч. в 2-х томах. –Т.1, - М.:ТИХЛ, 1959. - 621-бет.
3. Айтматов Ч. Статьи, выступления, диалоги, интервью. М.: Изд. АПН, 1988. - 335-бет.
4. Айтматов Ч. Необходимое уточнения // Лит.газета, 1970, 23-июль.
5. Айтматов Ч. Статьи, выступления… 99-бет.
6. Айтматов Ч. Көрсөтүлгөн китеп, 213-бет.
7. Ошондо эле, 336-бет.
8. Айтматов Ч. Көрсөтүлгөн китеп, 226-бет.
9. Айтматов Ч. Көрсөтүлгөн китеп, 232-бет.

10. Караңыз: Айтматов Ч. Статьи и рецензии о его творчестве. – Фрунзе: Кыргызстан, 1975.
11. Караңыз: Айтматов Ч. Статьи и рецензии о его творчестве – Фрунзе: Кыргызстан, 1975.64-бет.
12. Караңыз: Садыков А. Кыргыз Совет адабиятындагы улуттук жана интернационалдык проблемасы. – Фрунзе: Илим, 1969. - 164-бет.
13. Айтматов Ч. Статьи и рецензии…, -163-бет.
14. Айтматов Ч. Ошол китепте, 170-бет.